С кырг.
С 19

МУСА САПАЕВ

# АЙЛУУ ТҮН



С 19

МУСА САПАЕВ



# АЙЛУУ ТҮН

(ырлар)

ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 472298

Ош—1996

Акын жана публицист Муса Сапаевдин ырлары буга дейре гезит-журналдарда, көптөгөн коллективдүү жыйнактарда кыргыз-орус тилдеринде жарыяланган. Сиздин колуңуздагы бул китеби ар кыл жылдарда жазылган, негизинен жарык көргөн чыгармаларынын алгачкы өз алдынча топтому болуп эсептелет.

Замандын өзгөчөлүгүнө жараша автор кийинки жылдарда публицистикага көбүрөөк ыктап жүрөт. Ошонун үзүрү катары 1990 жылы айыл проблемасын ар тараптан иликтеген «Ыйман оту» аттуу публицистикалык китеби жарык көрдү.

Кыргыз Республикасы өз алдынча эгемендүү мамлекет болушу менен жаңы жагдайлар түзүлгөндүгүнө байланыштуу 1995 жылы Бишкек шаарынан «Улуттук кайра жаралуу идеясы» аттуу, ушу кысталаңдуу мезгилде актуалдуу мааниге ээ болгон публицистикалык-философиялык китебин басмадан чыгарды. Ал эми быйылкы жылы, ошол эле теманы дагы тереңдеткен «Улуттук кайра жаралуунун программасы» аттуу китеби жарык көрдү.

Бирок, замандын сүрү, мезгилдин таламы канчалык өктөм болбосун инсандык жан дүйнөнүн жалындуу дымагы поезия акындын делебесин дагы далай ирет козгойт деген үмүттөбүз.

**Редактор**

## ЭРГҮҮ

Алыс жактан жамгыр келди дыбырап,
Сулууланды дарактар да таш дагы.
Жаткансыды кулагыма шыбырап,—
«Каалабаймын сулуулуктан башканы».

Капысынан тоонун жели удургуп,
Шарт ачылды жабык турган терезе.
Табигаттын назик деми урунуп,
Ырахаты сиңип жатты денеге.

Ал аңгыча жарк дей түшкөн чагылган,
Бүлөп кетти мокоп турган сезимди.
Дүйнө болуп бир жаңыча табылгам.
Жашоо, турмуш бир өзгөчө сезилди.

Бул кубулуш издеп чексиз жакшылык,
Желе тартып ажарлантты жер бетин.
Карап турдум канбай турдум жактырып,
Түр боёктуу кереметтин келбетин.

Көңүл оту көтөрүлүп асманда,
Учкул ойлор, бийик максат анан да,
Зуулап барам табышмактуу тарапка,
Эң бактылуу тагдыр болуп ааламда!

## АРЗУУ ЫРЫ

Чаалыгып жүз, чаңдуу жолдо адашам,
Мен боз ала, айланага жарашам.
Кайрат жанат эстеп сени умтулуу,
Күн чыгарда горизонтту карасам.

Издеп сени тоо-талааны кеземин,
Жол жок жерде асканы да тешемин.
Суранамын, мен тандаган жылдыз бол,
Чыгалбасын бирөө сага теңелип.

Сен үчүн мен миң чакырым басамын,
Сен үчүн мен ашууларды ашамын.
Күрөштөрдө максатыма дем болуп,
Сенин ысмың жүрөгүмдө жашасын!

Ойгономун эстеп сени таң атпай,
Угуп мактоо, кээде аңыз ар кандай.
Маанай шамы назиктигин сүйкүмдүү
Бир өзгөчө өмүр сүргөн адамдай.

Мейли түйшөлт, жүгүргөнгө караба,
Көнбө, өжөр бирөө түшсө арага.
Даңазалап зоболосун сезимдин
Кызгалдактай жадырай бер санаада.

Тагдыр түрдүү сыноо камдайт адамга,
Өтө тыкан, туруктуу бол, адашпа.
Суранамын суктандыр да таң калтыр
Эң ыңгайсыз, эң бир татаал абалда.



Суранамын; миң мертебе өтүнөм,
Урматтайын бийик баалап өзүмөн.
Бул жашоодо эч кечирим болбостур,
Ушул оттуу сезимимди өчүрсөң.

Көз караштан кумар оту көрүнсүн,—
Шат мүнөзүң ачкычы да көңүлдүн.
Даңкка бөлөп аялзаттык ажарды,
Туусу болгун жанып турган өмүрдүн.

## ЖООП БЕРЧИ

Дайыма өмүрдү аяп татаалдыктан,
Урунтпай таңкы салкын жумшак желге.
Жумушка жеңил жагын талдап чыксаң,—
Жалтансаң күрөш күчөп турган жерден.

Максаттын умтулбасаң бийигине,
Магдырап өткөнүнө бейпил күндүн.
Эрденсип эчак алган билимиңе,
Эскиртип дипломдун анык күчүн.

Сүйбөсөң сылык күлгөн жаш селкини,
Өрттөнүп сезим-жалын, жүрөк чокко.
Тийбесе махабаттын алп эпкини,
Сүйүүнү «шарттуу» десең берип жокко.

Кирбесең, ойноктогон өткүр аттай,
Турмуштун шары катуу агымына.
Кетирсең кемчиликти-бетиңе айтса,
Чындыктын чыдабасаң ачыгына.

Кечпесең таш агызган шар сууларды,
Сүрүлтүп көкүрөккө толкун урган.
Өтпөсөң күрткүлөрдөн ашуудагы,
Чапкындап борошосу согуп турган.

Тартынсаң чындык үчүн күрөшүүдөн,
Аярлап нервти сактап чымчым чайдай.
Четтесең ой талашып түйшөлүүдөн:
Баарына жагыш керек чыккан айдай.

Сиңбесе кадыр баркың элге, жерге,
Жашасаң жашай берсең өтө берсе,
Заманга эмне жообуң айта аласың,
Жыйынтык сурай турган кезек келсе?

## БОЗ ҮЙДӨГҮ КӨРҮНҮШ

Айлана тынч. Жер уйкуда мемиреп,
Жел да жүрбөйт эчак уктап калгандай.
Арчалар да үнсүз, ойлуу телмирет,
Жалгыз гана каалгыган асманда Ай.

Уурданып Ай шыкалайт өргөөгө,
Кең түндүктөн түшүп нуру чачылып,
Куш уйкунун бешигине бөлөнгөн,
Жатат сулуу көкүрөгү ачылып.

Түн аярлай тунуктантып пардасын,
Бейпилдигин даңктайт Айга көрсөтүп.
Мейли Айды акын канча мактасын —
Айдын азыр ичи күйөт көзү өтүп.



Сындуу дене нур кучактап суйсалып,
Мемиреген татты уйкуга берилген.
А нур болсо көкүрөктөн сыйпалап,
Сүйүп турат көрктүү назик эринден.

Күзөтүүдө түн да кызды магдырап,
Үн чыгарбай тым-тырс деми кысылып.
Ай өргөөнү карайт улам жалдырап,
Бул дүйнөнүн ажарына кызыгып.

Ааламдагы асыл заттар чогулуп
Жер үстүндө жаралган го болуп кыз!
Айкалышат, жуурулушат толукшуп,
Дене көрктүү, же нур көрктүү таанысыз.

Бүт чөмүлүп ыракатка ансайын,
Ай токтолдуу кыя албай шул мүнөттү,
Мындай сулуу көрүнүштү ажайып,
Дүйнөдө жок тартып берер сүрөтчү.

## «М» га

Бара-бара ким экениң билинди,
Келатасың талбай болуп биринчи.
Болбош керек бошоң мүнөз, эптемей,
Болуш керек сендей тереӊ билимдүү.

Чын ниетти арнап коюп жүрөктөн,
Анттангансың таалай үчүн күрөшкө.
Керек сага кенен жашоо-келечек,
Керек эмс эптеп-септеп күн өткөн.

Турса дагы тоскоолдуктар томсоруп,
Баратасың бирден жеңип—омкоруп.
Теңеле албай терс пейилдер азгырат,—
Кел жыргайлы, кыйналбачы ончолук.

Сага намыс пас болуу да жалдыроо,
Сенде болбойт салкын жерден жай суроо.
Канчаларды күчтүүлөргө кул кылды,
Майда жыргал, мааниси жок магдыроо.

Жеңе бергин, майтарылба жеңе бер,
Жүүнү бошко үлгү болуп келе бер.
Жалкоолорго, кайдыгерге тарчылык,
Эрктүү үчүн, билип койгун кенен жер.

## КҮЙҮГҮҮ

Шашма элем, ой ушундай шашма элем,
Бир күндө дал беш белести ашчудай.
Ошол кезде мен кандайдыр башка элем,
Турмуш сырын туткансынан аччудай.

Кызык элем: баары мага табышмак,
Не жасайын-болду башты көтөрбөй,
Бүтүргөнчө жабышканым-жабышкан,
Кой дегенге болбой дале көгөрмөй.

Жардамдашам жетип барып бирөөнүн,
Мага такыр тиешесиз ишине.



Бүтпөй калса сезип ага күнөөлүү,
Ачык айтам ойдогуну ичимде.

Эмнегедир азыр андан башкамын,
Сөзүм тетик, көз карашым чатышкан.
Азыр акыл эсеп менен башкарып,
Азыр акыл сезим менен чабышкан.

Байкабапмын, кандайча мен өзгөрдүм?
Кайда калган кечеки шык, кайратым? —
Балким жүдөө таасиринен өзгөнүн,
Же мерездик кайрып салган канатын.

Кычырата баарын баалап заматта,
Алп окуя көзөп өттү сезимди.
Ушундайда акыл оту жанат да,—
Чымыркайат, өзгөртпөсөм-сениби?

## АТ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Оюн салгын бетегелүү жайлоодо,
Ээн-эркин шамал менен жарышып.
Сулуулукту тартуулагын жашоого,
Айланага көрктүү сының жарашып.

Атырылгын кулундарды эрчитип,
Жалың толкуп, кенен ташта арымды.
Учкул кыймыл жан дүйнөнү эргитип,
Куунап көңул түйшүк ойдон арылды.

Окторулуп мезгил менен жарышкын,
Адамзатка кумар болгон кызматың,

Ат керексиз,— деген ойду карыткын,
Өтө бергин адам өткөн «кырды» ашып.

Тойлор көркү, жайлоо көркү жаныбар!
Ат жарыштар, улак тартмай кызыгы.
Тар кабаган жан кумарың жазылар:
Чарчаганда кубат берет кымызы.

... Аргымак мин, тоо, талаана арала,
Жоргосу бар — жан жыргаткан жүрүшү.
Байыркыдан элес берет ал сага,—
Туяк үнү кылымдардын дүбүртү!

## ТЕКЕЛИК ЖАЙЛООСУ

Жашоонун шайырдыгын, сулуулугун,
Байыткан табигаттын коздугу.
Сенин арча, кайының, аккан суун,
Көзү, кашы кирпиги—Айсулуунун.

Жаз жадырай сагынып келдим шашып,
Сансыз чөптөр ыргалтат желге чачын.
Кучакташты беттен сылап чачты тарап,
Жалбыз, ышкын көкүрөккө жөлөйт башын.

Жаштыктын өткүрлүгүн, чабалдыгын,
Үйрөндүм сууда ойногон чабагыңдан.
Ырдаймын, аскаларга үн саламын,
Ой санаанын белгиси жок кабагымда.

Кубат бердиң өмүр кошуп жаштыгыма,
Тартууладың түгөнбөгөн шаттыгыңдан.



Түрдүү чымчык сайраса күкүк коштойт,
Күүгө айлантат суу толкуну шарпылдаган.

Булагыңдын муздагынан таттуулугу!
Ичкен сайын жашоо сергек-тунуктугу.
Күндөн алсаң өмүр үчүн кубатыңды,
Чын мээримин төгүптүр айдын нуру.

## ТОО КӨРКҮ

— Неге көрктүү улуу тоолор керилген?
— Адилеттик, акылмандык биригип.
Сезимдердин эң тазасы берилген.

— Суктанабыз эмне мынча көп тиктеп?
— Жашоо үчүн керек болгон байлыкты.
Карайбыз биз тоо койнунан тапсак—деп.

— Кайдан тоолор мынча атак-даңк алат?
— Колоттордон агып чыккан булактар,
Кеме сүзгөн чоң дайрага айланат.

— Неге тоолор мынча узак жашашат?
— Күндүн нурун тосуп алып биринчи,
Эң акыры тоо чокусу узатат.

— Жер силкинет, тоолор неге кебелбейт?
— Оор иштин көбүн баштан өткөргөн.
Тоо туруктуу, кырсык күчү тең келбейт.

— Тоо чокусу эмне мынча бийикте?
— Алар турат бут чөйрөгө көз салып,
Болор иштин алдына ала билишке.

## ДААНЫШМАНГА КАЙРЫЛУУ

Оо улуулар! Майтарылбас эрктүүлөр,
Таш ажалды коргошундай эриткен.
Жашап келет күндөй жарык көркүңөр,
Кылымдарды көлөкөдөй ээрчите.

Оо улуулар! Акыл, намыс тиреги,
Биз жетилдик мүрүңөргө таянып.
Бакыт үчүн менин ушул тилегим,
Буйдалбагын күнүмдүккө алаксып.

Буйдалбагын майда жыргал, дүйнөгө,
Сенин башка бул жашоодон аларың.
Түшүн, бирөө таба сөзүн сүйлөсө,
Таштак жолдо чаң астында каларың.

Далилденген адамзаттык тарыхта,
Тагдырыңар чексиз татаал болору.
Жаздым калса кайталангыс табылга,
Жаркыратат, акыл,—мезгил бороону.

Карма өзүңдү, баала өзүңдү учурда:
Кынтык тапты-бирөөлөргө жакпадың.
Мактоо келсе ага өзүңдү учурба,
Канатты жай, жерге бойду таштагын.

Жер бетине төшөк салбай уктагын,
Топурактын ыйык жытын жыттагын:—
Алп түбөлүк алакан кең жайылган,
Бир тутам гүл өтүп жаткан жылдарың.



Даанышмандар, майтарылбас эрктүүлөр,
Таш ажалды коргошундай эриткен.
Жашай берсин күндөй ачык көркүңөр,
Кылымдарды көлөкөдөй ээрчите!

## ӨРҮЛГӨН ЧАЧ

Кыздар басса бой keриле жанашып,
Кош өрүм чач далысына жарашып,
Жигиттерди кумарлантат «кол булгап»,
Алыстаса таң калтыра каратып.

Кыз кыялын кылыктана кайталап,
Сындуу мүчө шаңдуу күүдөй чайпалат.
Өрүлгөн чач кымча белде теңселип,
Жаш денеге сымбат кошуп көрк жанат,

Айлуу түндө уйку келбей ойгонуп,
Селки тиктейт терезени ойлонуп.
Жаш жүрөктүн жалгыз сырын бөлүшөт,
Кош өрүм чач денесине оролуп.

Жигит күтүп эки жагын каранат.
Чыкты селки айлуу бакты аралап.
Сөз табылбайт, олоң чачы тилмечби? —
Бирин селки, бирин жигит кармалап.

Таң атканда чачын сылап таранат,
Тиктейт өзүн, чоң күзгүнү тазалап.
Ойго батып кыялдана толкундайт,
Эки көзү бышып турган карагат

Өзгөрүлтөт пикирди өмүр жылдары,
Ойлонорсуң кырксамбы-— деп жылмайуу.
Узун чачың урматталган акылың,
Кыркпа чачты! Менде чексиз кызгануу...

***

Кытмырлар көп бул дүйнөдө — кыйырда,—
Турбай калат тууралыгың тыйынга.
Сен чындыкты туу тутууга белсендиң,
Анда тагдыр не болот деп кыйылба.

Кыйылбагын, олку-солку ойлонбо,
Түшүнөбү? Түшүнбөйт деп толгонбо.
Бул күрөштө эсте элдин утугун,—
Анан дагы намысы бар ойгонсо.

Көралбас көп бул дүйнөдө — кыйырда,
Мен чындыкка таянам деп кыйкырба.
Жаса ишти абийириңди пир тутуп,
Демек, байлык, бийликке да сыйынба.

Жаса ишти, түз ниеттен жасагын,
Желдети бол камдап койгон жазанын.
Эл назары, калыстыгы тирегиң,
Чечен тилиң канжардан курч жарагың.

Сен жаралдың, чындык үчүн жаралдың,
Жан жолдошу ниети ак адамдын.
Билип койгун: мындай ишке — зор ишке,
Ар ким эле боло бербейт жарамдуу.



Чындык айтуу эрдин келет колунан,
Анткени көп алдууларды коруган.
Жагынчаакктын самаганы салкын жай,
Баатырлардын Арстан чыгат жолунан!

***

## СОКРАТ

Ойлор толкуп кылым сүрө жөнөсө,
Көз алдыма алп элеси тартылат.
Чыканагын тизесине жөлөгөн,
Жаагын таяп ойлуу адам олтурат.

Тийди канча кылымдардын эпкини,
Келет жылдар улам учкул чыйралган.
Өлбөстүктүн майтарылбас эркиби,
Чексиздиктин соккусуна чыдаган?

Дале олтурат бир калыпта ойлонуп,
Бул эстелик, мүмкүн кайра тирилет?!
А олору улам жаңы ойгонуп,
Карт тарыхка шуру болуп тизилет.

Акыл өстү, нечен сырлар чечилди,
Ай таанылып, аалам кетти кеңейип.
Чыгаргандай өзгөрүлбөс чечимди,
Эки миң жыл...
Койгонуң жок кебелип!

Жок! Бүтө элек аның тунук акылы,
Тоолук ачып бүт тереңдик мазмунун.

Улам бийик дааналанып акырын,
Айтып келет бул жашоонун маңызын.

Чыканагын тизесине жөлөгөн,
Жаагын таяп ойлуу адам олтурат.
Шул кылымды тиктеп турат ал көсөм,
Урмат сага акыл алпы СОКРАТ!

## ШААР

Кечинде жымындаган оттор күйөт,
Көчөдө колтукташып кыздар жүрөт.
Музыка делебемди козгоп кирди,
Багында көңүл ачып жаштар күлөт.

Күрүлдөйт машиналар дарыясы,
Тепкичтерди жешилтет буттар басып.
Эмгектин бардык түрү кайнаган жер,
Дос табам тагдыр жолу кайчылашып.

Сезилет баратканы кылым шашып,
Мезгилди такташууда ой талашып,
Булуттай кабаттарда калкып жүрөт,
Акылдын уюткусу салмакташып.

## БҮГҮН КЕРЕК

Бүгүн керек жалын жүрөк жигиттер,—
Ыкшоолукту четке каккан бүркүттөр.



Кужурмөндөр, ишке көзчүл билгичтер,
Даңгазасы ийгиликтин биз күткөн.

Бүгүн керек чоң максаттын ээлери,
Силкип салган өзүмчүлдүк дегенди.
Кызмат өтөп, сыймыктанчу эл-жери,
Башкаларды шыктандырып дем берчү.

Азыр керек жаңы ойчул акылман,
Айдап салган ыргылжыңдык туманын.
Тайманбастар эски жүктөн арылган,
Эрдик менен кабыл алган тууранын.

Керек бүгүн эрктүүлөрдүн эрктүүсү,
Уул-кыздар ата салтты уланткан.
Эл кызматы болуп шыгы, эргүүсү,
Пейли таза тоодон аккан булактай.

Мындай эрлер керек болгон дайыма,
Бирок бүгүн талап турат өзгөчө.
Даңк кошулуп ата мекен даңкына,
Шаңдуу турмуш көкөлөсүн өлкөдө!

***

I

Кыз олтурат өңүн тиктеп булактан,
Күндө келип суу алуучу чакалап,
Кыз-булактай, булак-кыздай куракта,
Кыз элесин толкутат да чайпалат.



...ская
областная библиотека
Инв № 472298
...раеведческий отдел

II

Булак жээги сансыз түргө бөлөндү,
Тулаң өстү назик, коңур жыт менен.
Жадырашып, кубандырып көргөндү,
Кетти гүлдөр, келди гүлдөр жыл менен

Шамалга эркс солкулдаган тал өстү,
Шарт ийилип булак бетин чапкылап.
Шыңга тулку жалпы көркке жарашты,
Башын ийкеп күндү өзүнө чакырат.

Түн кирбестен күн артынан күн батты.
Жашыл ыраң өңдөн азды-көгөрдү.
Акырындап ал жээкти кум басты,
Байкалбастан аппак чийлер көбөйдү.

III

...Ойлуу бирөө басып келди билинбей,
Ал булакка дагы үңүлгөн кезинде.
Суу толокуну бырышка окшоп бириндеп,
Булак эми картайгандай сезилди.

## ШЫБЫШ

Тээ тумандуу капчыгайдын төрүндө,
Дүпөйүлдүү зыргак үн бар—калаты.
Шашылбачы чыгарууга төгүнгө. —
Ач эшикти! Айлананы карачы!



Кардуу бетти жиреп, болжоп сактыкты,
Кийик чуркап келе жаткан капталдай.
Кетти көчкү!
Эх! шыбыртка алаксып,
Очорулду оң туягын тарталбай!

Баарын сүрүп күчү сүрдүү капилет,
Көз ирмемде тосмо курду мөңгүдөн.
Сай какшыды. Кана шаңдуу касиет?
Ирим болуп токтоду суу мөңкүгөн.

Ошол замат туман ойноп жел жүрдү,—
Анан дабуул! Арча сынды карс этип!
Кайра жымжырт. Тоолор неге телмирди?
Улар келбейт, сырттар ачык кар кетип...

Кочуштаймын, мезгил чууруйт саладаан,
Тынчсыз ыргак кайталанат санаада...
Баары жакшы; а дүпөйүл көңүлдө,
Ушул шыбыш угулбайбы сага да?!

## КҮРӨШ

Миң күн бою азап менен алышты,
Жүз күн катар эмгек талант таанышты.
Талбай тандап издеп жүрдү өз жолун —
Бул жашоодо анык ордун табышты.

Он жыл бою мезгил, мүнөз жарышты,
Сапар жолун эмгек менен карытты.

Күнү-түнү ойдон-ойду кубалап,
Катаалдыкта эрк кылычы кагышты.

Кайкып кетип сырдуу турмуш түйүнү,
Шыдыр жолдун изин таппай күйүгүү...
Жүз жолу ал жеткенсиди максатка,
Жүз бир жлу өз күчүнөн түңүлдү.

Мүдүрүлдү, турду багыт тандады,
Жабыр тапты, издебеди ардакты.
Ой топтоду-айрымдарын унутту,
Унутпады элдик ыйык максатты.

Ал баратат, күч жок эми токтотчу.
Таштак жолдо улам даана чыйыры.
Бакыт жолу кечип өтүп тозокту,
Анан гана жолго чыгат чыныгы.

## ПАРИЖДИН КӨЧӨЛӨРҮН САМАП ЖҮРҮП

Теледен келет элес учкул-күлүк,
Саалат ал ой-кыялга сансыз бүлүк.
Тамшанып мактоо менен чектелесиң,
Париждин көчөлөрүн карап туруп.

Алыскы келечекти атап жүрүп,
Оожалчу ошол күндү самап жүрүп,
Үмүттөр алкагында өтөт өмүр,
Париждин сулууларын санап жүрүп.

Таштак жол. Чаңдуу чачты тарап жүрүп,
Азчылык, жетишбестик—арсыз күлүп...
Молчулук, модачылык турмуштарга,
Сен качан жеткиресиң оо төрт түлүк!?



## ЖЕР ЖАНА БИЗ

Жерден биз жаралганбыз адам болуп,
Жер шарын бүт ээледик бети толуп.
Эмне керек биз үчүн, өмүр үчүн,
Берди го каалагандай баарын толук.

Жашоону жер энеден үйрөндүк биз,
Жер бети сүйүү куту-үйлөндүк биз.
Жетилдик-акыл көзөп туңгуюкту,
Ааламга канат сермеп күүлөндүк биз:

Чөп куурайт, гүл тепселет, арча сынат,
Жер койбойт» не кылдың»,—деп, бир да
сурап.
Булгайбыз мөлтүр суусун ойлонбостон,
Баардыгын жер көтөрүп чыдап турат.

Сан түрдүү айбанаттар койну толгон,
Жыгууга умтулабыз келсе колдон.
Жердикиби? Демек ал элдики да,
Биздин милдет көбөйтүш аны коргоп.

Кир суулар агып чыгат заводдордон,
Шаар үстү карарыңкы ышка толгон.
Адам бар,
билет бирок колду шилтеп,
Олтурат, ай ыйманы эмне болгон?

Чыдоодо жер баарына-токтоо экен!
Чыдоодо кыркылууда жалгыз жекен!
Эгерде жер кыйналып түйшөлсө бир,
Оо тагдыр! Анда кандай болор экен?!

## ОЙДО БОЛСУН КҮНҮ-ТҮН!

Бүгүн дүйнө ээ-жаа бербей алкынат,
Окуялар жибин үзгөн аргымак...
Адамзаттын тагдырына коогалуу,
Мезгил жүгү оош-кыйыш артылат.

Жалгыз түнөк жашоо, сүйүү кезиккен,—
Үй, орозгер, жолдор бүтпөс сезилген.
Бүгүн топтой алакандын отунда,
Бүгүн гүлдөй үлбүр-назик сезимде.

Кайталангыс шартын түзгөн өмүргө,
Жер тагдыры-ыйык, бекем көрүнгөн.
Кысымынан ядролук кылымдын,
Бүгүн кылдай-кылтылдоодо көңүлдө.

Коолдон чыкса азоо атом талкалап,
Аба, сууну ууга айлантат ал замат.
Күрөшбөсөк акыл, кубат барында,
Анда тагдыр, айтчы кимге арзданат?

Бүт кыйраса, Жашоо өчсө-үн өчсө,
Залкар тарых татыбаса мүнөткө.
А чексиздик таштай чайнап «чекитти»,
Жердин бети катса өңсүз сүрөттө...!?

Ошондуктан кары дебей жаш дебей,
Бүткүл эркти арнай турган маселе.
Талбай күрөш кайра күчөп чыңалсын,
Адамзатты адам кылган «алп дене».



## МАКСАТКА ЖОЛ

Артынып турмуш жүгүн бара жатам,
Учкаяк «Бозжоргону» минип алып.
Тизгинди катуу силкип кээде шашам,
Бирде түз, бирде татаал жолго салып.

Кечүүдө туура таштайт минген Атым,
Ойдо жок тоскоолдук «арстан» болот.
Качууга жер издебейм дароо шашып,
Коркокту тагдыр өзү кетет «тоноп».

Жалтанбай тике тиктеп сүрдүү көзгө,
Каарынан чындык отун изденемин.
Сезимге уюп калды ушул өзгө,—
Али көп бул жашоодо билбегеним.

Алаксып түшүп өлөм кыйыр жолго,
Алыстайм түз максаттан байкабастан.
Чиренип,
тизгинди ороп-дароо колго,
Күрөш шул-багыт издөө кайра баштан.

Чаташкан чыйырларда адашамын,
Жеңил жол, эрке кыял кумарлантат.
Алп чындык адашуудан талашабы?
Билдирбей бир чоң үмүт көзүн артат.

Чарчайт Ат,
мүдүрүлөт капысынан,
Кучактап
туруп калам мойнун араң.
Ийгилик табат, тайбас намысынан,
Чамынып өткүр турмуш келет анан!

***

Тагдыр бүгүн тайгак, туруксуз,
Түздөп койгум келет кол менен.
Анда эмесе неге келатам,
Адашуулар өткөн жол менен?

Өзүм менен күндө кеңешем,—
Тактай берем айтар сөзүмдү.
Бирок кетем эрксиз багытка,—
Башкамынбы? жана өзүмбү?!

Сыналуу жок, иргелүү да жок,
Аламандык алат күчүмдү.
Ойлонуунун оттуу илеби,
Мына ушул турмуш үчүнбү?!

***

Ушул күндөр убаймалуу, эзилген,
Уу-дуу менен чыкпайт таакыр эсинден.
Мүңкүрбө, эрги, чыйрал, күрөшкүн,
Өчпөс отту жанып чыгып сезимден.

Күрөш! Күрөш! Күрдөөлдүү күн өтсүн,
Канча начар шончо эркти күчөткүн.
Арман айтуу, араздашуу, сүйлөнүү
Боло албайт тамекиге түтөткүн.

Сен өзүңдү алгыр куштай таптагын.
Сөзгө бек бол, досторуңду сатпагын.
Балким мындан байырбайсың, а бирок,
Ишенимдүү кишилигиң тапканың.



Үмүт менен күндө келбейт, бир келет.
Сен туруктуу ошонуңа ишенет.
Азыр турмуш чоң жарышта-өнөктүү,
Майтарылбас мүнөздүүлөр иргелет.

**«ҮМҮТТӨН БАШКА ЭМНЕҢ БАР?» — ПЛУТАРХ, (биздин кылымга чейин 45—127 жылдарда жашап өткөн)**

Оо Плутарх бердиң ушул суроону,
Акыл-эске салдың бүлүк буроолуу:
Куру кыял, кемчиликке кептелүү,
Кетер бекен кексе баштан бул ооруу!

Кайра-кайра сөз маанисин сүрөмүн,
Сезем ойдун сан кылымдык сүрөөнүн.
Берип кеттиң ойлондуруу үлгүсүн,
Сээп кеттиң маанидарлык үрөөнүн.

Оо Плутарх нуска сөздүн алпысың,
Түшүнгөндөр ой каймагын калпысын.
Чөгүп кетип чопор сөздөр иримге,
Даана акыл ой көлүндө балкысын.

Тасторкондо, ашта, тойдо калжымай,
Ой келдини айта бермей—алжымай.
Эй замандаш таамай сүйлө, так сүйлө,
Таасирлүү бол акылдуулар алпыдай.

Акылдуудан маанилүү сөз чыгат дейт,
Нарктуу сөздү кунттуу адам угат дейт.
Акыл тактайт, татаалдыктан жол табат,
Ал бактыга алып барчу чырак дейт.

## ӨЗҮМЧҮЛ

Турмуш татаал, түрлүү адам кез келет,
Тытат бирөө көңүлүңдү эзмелеп.
Күйүп жатсаң чоң максаттын өртүнө,
Таш сыяктуу жалындоону сезбеген.

Башталышты дароо байкай билбеген,
Жүрөгүңдү бөлөт тогуз тилкеге.
Ой-сырыңды жалын бүркө айтсаң да,
Кайдыгерлүү какшый, көзүн ирмеген.

Бул адамдын бир мүнөзүн айтайын:
Жамандыкты жасабайт ал атайын.
Кош көңүлдүк, чечүүчүдөн четтемей,
Акыл эсин тескеп турат ар дайым.

Бул окуя бир жеринен кайгылуу,
Тагдыр өтөт ошол адам аркылуу.
Анын ою сеникине тескери,
Пайда болсо... Ансыз иштен арылуу.

Мына ошолор эрдиктерди аксаткан
Чыга албаган өздүк майда максаттан.
Тийбесе да элге, жерге кайраны
Жашай берчү майнап издеп мансаптан.



## МАНАСКА СЫЙМЫКТАНЫП ЖАШАП КЕЛЕМ.

Негедир бүгүн тарых күнгүрөнөт,
Эрдикти талап кылат дүңгүрөгөн.
А бирок өзүмчүлдүк, майдалануу,
Сынчы көп, каарман аз күч үрөгөн.

Чыгаандар айткылачы?—мезгил күтөт.
Мынабу өксүк заман качан бүтөт.
Жеңүүгө жетер бекен акыл, эркин?
Бул суроо аба жарып турат түтөп.

Манастай тээ бийиктен санап көрчү,
Каерде келе жатат «Кыргыз көчү»?
Теминип мыктыларга теңелүүбү?
Ошонун камындабы эрте-кечи?

Салыштыр, ар тараптан акыл калча,
Эркиндик жооптуу иш-талап канча!
Кыргызым анан ийге келесиңби?
Жонуңа тийип турса кызыл камчы?

Манасты бел тутканды жакшы көрсөк,
Мажирөө мүнөздөрдү жойсок—жеңсек!
Замандаш сөз уксаңчы, умтулсаңчы,
От барбы көкүрөктө кана көрсөт!

Манастай жол баштаса ордо кеңсе,
Анан эл мына мындай кепке көнсө:
Сый, урмут, мааракелер жакшы дечи,
Татыктуу болуу өзү башкы нерсе!

***

Кайдасың менин дүйнөм жаркыраган,
Жүрөк от, көкүрөктө жалындуу дем!?
Кайдасың менин дүйнөм жанып турган,
Төп келчү көңүлүмө жагым менен?!

Термелтчи сансыз ойдун кучагына,
Бөлөгүн учкул кыял бешигине.
Көңүлүм кайра өзүңө кусалыкта,
Таба албай ой чаташып кечигүүдө.

Кайдасың, эмне мынча жашынасың,
Эмнеге алыстоого шашыласың?
Күңүрт ой, сасык туман каптагандай,
Көңүл серт, ойлор дымып алда кандай!
Чыланып сумсактыкка дүйнө ичи,
Канакей курч чагылган ойдун изи!?

Максатка жетем деген тилек менен
Өзүмдү ар тараптан талдай берем.
Сен үчүн, бир сен үчүн ички дүйнө,
Турмушта ысып-тоңуп жашап келем!

## АРЧА МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

— Айтчы мага алты кулач жашыл арча,
Эмне көрдүң бул ааламда, жашың канча?
— Тогуз жүз токсон бештин кырындамын,
Кырчын кезим керилип кубат алган.

— Сыры эмнеде жашооңдун мынча узак,
Билүүгө бир өзүңө кылам ызат?



— Нөшөр сел, добулдарга чыйралганмын,
Табигат таза заты берет кубат.

Көп дарактар укташат кышы менен,
Мен болсо аба жутам, бойду керем.
Аяз дагы алы жетпей шайы кетип,
Дос болом дейт аргасыз мени менен.

— Жашай бер, жадырай бер жашыл арча,
Сырың бар табышмактуу канча-канча.
Өсө бер, Ала-Тоону көрккө бөлөп,
Адам зат карылыктан арылганча!

## БУЛАК-ТАГДЫР

Аскадан атып чыккан тунук булак,
Кылымга-татаалдыкка өзүн урат.
Жээгинде ал булактын мезгил сынап,
Дайрадай ташкындаган сезим турат.

Ой толкуйт, булак толкуйт—кучакташат,
Эң сулуу дүйнө издеп алга шашат,
Топурак нурлар менен жуурулушуп,
Жашоонун жалынына аралашат.

Оргуйсуң өмүр болуп мөлтүр булак —
Шоокумда чымыркануу—заман туят.
Ойлордун ириминде уюлгуйсуң,
Сузсам деп, күндөп күтөт.. «алтын аяк»!

II

..Агасың таштан узап, жардан чубап,
Көлчүккө айланасың — жардам сурап.
Ашасың, төмөн көздөй умтуласың,
Чыйралып аркан сымал дене бурап.

Урунуп жердин бетин камчылайсың,
Аралап шагыл-кумду чапчылайсың.
Алышып жол азабы алсыратат,
Кылгырып көз жаш болуп тамчылайсың.

Жалдырап жалгыз тамчы күндү карайт,
Нур болуп улуу күндүн жашы кулайт.
Күн үчүн жер да тамчы чоң ааламда,
Тамчыдан жаратылыш жашоо курайт.

Жеткенче нур тамчыны сагынууда,
Тамчы аздап, нурду самап жабыгууда.
Жердин бул карегинен мөлтүрөгөн,
Тагдыры түбөлүктүн чагылууда!

***

Мындай болбойт, болбойт мындай жаш адам,
Келечектин камы менен жашаган.
Көчө кезүү, арак, кумар, тамеки:
Андай тагдыр арыла албайт «жазадан».

Мындай болбойт, болбойт мындай жаш адам,
«Бирдекени» күтүп жүрсө башкадан.
Кемчиликти көрүп жалаң замандан,
Тулку боюн туш келдиге таштаган.



Жаш адамда жалын болот, от болот,
Акыл калчайт, бир бүтүмгө токтолот.
Алаксыбайт, азгырылбайт, алданбайт,
Чоң максатка уюл эрки топтолот.

Жаштыкк демек жалындаган башталыш,
Ойлоо, талдоо, өз тагдырын башкарыш.
Түшүнүүдөн чыгармачыл тыянак,
Чымырканган күрөшүүлөр — ал жарыш.

Болбойт мындай, мындай болбойт жаш адам,
Жаштар дайым асыл ишке жараган.
Жаштык күндөр келечектин такпайы,
Дал ошондон көтөрүлөт заманаң.

## ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮК

Тээ алыстан келет кутман таң кулап,
Уйку көрбөй ойго батып олтурам.
Мээрим чачып, асманды ээлеп ай турат,
Нурдай тунук ойлор келет толкуган.

Учкул акыл талдайт кылым, мезгилди,
Анан оюм чексиздикө тартылат.
Алган жалгыз ушул сырдуу мейкиндик,
Биротоло түбөлүктөн жай сурап,

Тынымы жок улам орун алмашат,
Адамзаттын ой кубатын бүт ээлеп.
Жаратылыш, күндөр чексиз-жалгашат.
Али дагы жетилүүлөр бүтө элек.

Бүгүнкү биз ийгилик деп мактаган,
Эртеңкиден орто деген баа алат.
Адам эси табышмакка чаңкаган,
Улам терең изденүүдөн такталат.

Өсөт акыл. Сезим курчуйт, өзгөрөт,
Бүгүн таппай талбай издеп жүргөндү.
Эртең даана бадырайтып көз көрөт,
Айта албайсың жеттим, мына, «түгөндү».

Бул доордун өзөгү ушул умтулуу,
Татаалдыктан татаалдыкка жетем деп.
Акылды-акыл алга сүрөйт утуру,
Аалам сырын акырындап чечем деп.

## ҮҢКҮР

Сүрү күчтүү бул түнөргөн үңкүрдө,
Эчен түркүн сырлар жатат эмеспи.
Тээ айбаттуу капкараңгы түпкүрдөн,
Карап турат таш кылымдын элеси.

Шоола түшүп күңүрт гана жарытып,
Карагансыйт үңкүр ичин кызыгып.
Кирген сайын караңгылап-түнт тартып,
Жүрөк согот катуулап-дем кысылып.

Бир өзгөчө нымдуу, коңур жыт келет,
Тарчылыктын коркунучу сезилет.
Көз алдымда турган тамчы жылт этет,
Таш бетинен түрлүү чийме кезигет.



Көз жүгүртөм таштагы ар кыл жазууга,
Окучуудай каткан сырын түбөлүк.
Күчүң жетпейт менин сырым ачууга,—
Деп айткансыйт үңкүр сүрдүү түнөрүп.

Мен кызыгып карап турган бул үңкүр,
Эчен түркүн сырдын ээси эмеспи.
Мына ушул сүрөттөрдөн өчүнкү,
Карап турат таш кылымдын элеси.

## ЭРТЕҢ ЖАҢЫ ТАҢ АТАТ

Асман кара, жашырынып булутка ай,
Жер түнөрөт катуу уктап калгандай.
Көкүрөгүн тосуп соккон шамалга,
Кыз баратат ойлуу гана басып жай.

Баш көтөрбөйт же карабайт жан жагын,
Кабак бүркөө. Жүрөк ысып от жалын.
Бүт сезимин ээлеп өткөн окуя.
Байкабады мөлт деп чыккан көз жашын.

Тиштелептир кайгы көрктүү эринди,
Ачуу даамы аккан жашка эзилди.
...Кандай жүрөк кандай ойдо болду экен?
Уйпалаган таптаза, жаш сезимди.

Жылт-жулт этет тоголок жаш көзүндө,
Бүткүл дене калкып кайгы көлүндө.
Ойлор, ойлор, ойлор гана чаташып,
Кара тагын калтырууда көңүлдө.

Ачуу ойду ийлеп сансыз бир өзүң
Неге түндө жалгыз басып жүрөсүң?
Үйгө койбой сыртка сүрүп чыктымбы?
Жай бербестен жараланган жүрөгүң.

Шамал согот, сооротчудай желпинет,
Сен ойдосуң өзүңдү өзүң жемелеп.
Чыктын беле, сырдашууга түн менен,
Караңгыда кайгырууну жеңил—деп.

Жуумаксыңбы мөл булакка сен анда,
Кайгы издерин түшкөн нурлуу жамалга?
Же кайгыны төкмөксүңбү жаш менен!
Же учуруп жатасыңбы шамалга?

Ушул кайгы жүрөгүңдү кетичү,
Жолбосун жаш жүрөккө экинчи.
Биротоло уу кайгыны пайдасыз,
Ушул түнгө кошуп айдап кетирчи!

Баштан өткөн окуяны сен эстеп,
Тургандырсың «жашоо кызык эмес»— деп,
Так бастырбай таза тутсаң жүрөктү,
Бакыт кушу кайра келет сени издеп.

Сүзүп чыкты ай, кара булут бириндеп,
Ага кыз карайт эриндери дирилдеп.
Нуру келет үмүт менен сүйүүнүн,
Ойлуу жүздөн кайгы изи билинбейт.

Кулак түрчү нур кечелек үн катат,
Тагдыр сунат бакыт гүлүн сага атап.
Таза ойлонуп алыс кара алдыңа
Эртең жаңы, эртең сулуу таң атат.



## КЫЗ БАРАТАТ

Кыз баратат күлүк атты чапкылап
Горизонтто
Ачык асман астында
Күн кыраңга жашырынат жакшына
Кызыл түргө боёп кызды, атты да.

Чабендестин элеси оттой жанат.
Нур боёктуу асмандын далдаасында.
Күлүгүнүн чуркашы күчөп барат
Жолугушуу кубаныч сүрөп алга.

Кыз жоолугу желбирейт каршы желге,
Каздай мойну ийилет күлүк аттын.
Бараткансыйт ат туягы тийбей жерге,
Куйругу жаа жебеси чыккан атып.

Алып учат сүйүүдөн бүткөн канат,
Ооздугу кычырайт чапкан аттын.
Кызыл нурдан кыз бети ажарланат,
Сулууланып нуруна махабаттын.

Жомоктогу тулпарды минип учуу,
Перилерге окшошот нурдан бүткөн.
Кайталангыс элетүү ушул учур,
Махабатты көрсөттү жалын бүрккөн.

***

Келесиң сен бир күн «А» -ны жамандап,
(Жаман болуп калмак беле ал андан).
Айтпасаң да ой учугун узаттың
Ал өзүңдү мактаганың жагам деп...

Сөз саласын бир күн «Б -сынга алып
Билбептирмин начарлыгын мынчалык.
«А» менен «Б» начар болсо ким жакшы?
Айтсаң экен, калсаң экен тынч алып.

Сен айтасың: «такыр жок деп жигиттен,
Кызды баалап, кыздын сырын түшүнгөн.
Өңү сулуу өзү көйрөң селкини
Эрчип кеткен бир жигиттен түңүлгөм».

Сулуу демек-табигаттын белеги,
Көркко бөлөйт сындуу, сымбат денени.
Ыйгарбаса жаратылыш тартуусун
Сулуулукту жашоодон ал сен эми.

Сулуу дебейт өңү жакшы көрүнсө,
Акыл, адеп өйдө турат көбүнчө.
Баала өзүңдү сындагыча бирөөнү
Мыкты сапат ажар берет көңүлгө.



## ДҮЙНӨ МЕНСИЗ

Айткылачы тааныгандар, досторум,
Аалам менсиз эминеден кем болмок?
Келбей калсам ушул сулуу дүйнөгө,
Ким түйшөлмөк, кимдер аны ойломок?

Табигаттын эминеси аз болмок?
Же бир иш бүтпөй калып жатабы?
Же болбосо тынчтанмакпы мени ойлоп,
Жай алгандай чечилбеген чатагы?

Баш катырып ушул ойду тактаймын,
Даанышмандар бүт өмүрүн арнаган.
Бул жашоонун мааниси эмне?
Талдаймы.
Ушул суроо болгон,
болот ар качан.

...Айтсам достор ушул экен жаралуу:
Жүрө бербей бар же жогум билинбей —
Мен болбосом жердин кемип жамалы,
Мен барымда нур жайнасын күлүндөй!

## САГЫНЫЧ

Эки жылдык эл милдетин аткарып,
Бара жатам сүйгөн кыздын айлына.
Жүргөн элем назик ойлуу кат алып,
Азыр турам жолугуунун алдында.

Сакчылардай сүрдүү тоолор көшүлөт,
Ышкын бышкан, жалбыз жыты, жыргал ай!
Алды жакта кырка боз үй көрүнөт,
Оңдо-солдо шылдыр булак-жылгалар.

Таңкы жарык. Таанып дароо толкундап,
Айыл жактан мени тосуп сен чыктын.
Ушул кутман көрүнүштү толуктап,
Кыл чокудан нурун чача күн чыкты.

Келатасың аппак сындуу көйнөкчөн,
Сыяктанат жалаң нурдан жибеги.
Толкунданган сымбатыңды көрсөткөн,
Нур чачырап, болуп дене ийкеми.

Мен баратам төмөн жакта-өзөндө,
Көрүнүштүн өчпөс сезим калтырат.
Эки көзүм бүткүл оюм өзүңдө
Жакындашың жүрөк отун жандырат!

Гүл, бадалдар, курт-кумурска, жаныбар,
Түйшүгүңдү токтото тур, көңүл бөл!
Махабаттын отун кечкен адамдар,
Күч жок эми сагынычты төгүңөдөр!

Жүгүрөсүң, гүлдөй жайнап күлөсүң,
Колду сунуп, мага карай умтулуп.
Нур кийимге төп келишкен мүнөзүң,
Махабаттың тоо суусундай туп-тунук,

Сүйүү жыттуу гүлдү кармап колума,
Келем тосуп сезимди арнап тап-таза.
Тулаң чөптөн, килем төшөп жолуңа,
Көк жебеден, жасап кооз дарбаза.



Жалаң сенсиң, көңүл бөлбөйм өзүмө,—
Суктанамын айдай сулуу жамалга
Чаң түшүрбө кирпигине—өтүнөм!
Жалдыраймын тоодон соккон шамалга.

Күн да чыкты нуру жерге жабыла,
Кыр үстүнөн толук боюн көтөрүп.
Балкып кетти аалам толуп жарыкка,
Ортосунда сүйүү оттуу көздөрүң.

Улам жакын... Колу тийди колума,
Ошол замат сезим оту дүр этти.
Эки дене балкып сүйүү көлүнө,
Бириктирди бирдей соккон жүрөктү.

## МАХАБАТЫМ

Неге мынча таң эртеңден ойгоном?
Көпкө чейин кумарлана ойлоном?
Кыялдардын толкунуна термелтет,
Махабатым-өмүр күүсүн толгогон.

Нур толкунуң эпкин берди сезимге,
Жүрөк тыңшайт тагдырлардан сени издеп,
Жолугамын мени күтүп жүрөсүң,
Үмүттөрдүн бактарында серүүндөп.

Көчө бойлоп айланамды каранам,
Көңүл кушу күн нуруна таранат.
Жүргөндүрсүң гүл жытанган жайларда,
Сен шаттыктын аллеясын аралап.

## АЛГЫЛА САНААҢАРГА

— * —

Жаштык жолун басуу бар ар адамда,
Мен да теңмин,— окшошмун балаңарга.
Жакшы иш калсам ылайык баа бергиле,
Алга сүрөйт эмгекти ак белгилөө.
Болсом деймин силердин санаңарда.

Шыдыр болбойт тагдырың жаралаардан,
Мен бир «тентек» жүрөмүн араңарда.
Азгырылып жасасам чекилик иш,
Туура жолду көрсөтүп берип кеңеш,
Учурунда алгыла санааңарга.

Болсом мен тагдыр жазып жамандардан,
Жамандын сапаты жок, саны бар да.
Азаптуу ашууларда жолдош болсом,
Белгилеп кемчиликти бетке айткалы,
Түйшүк берип мен турсам санааңарда.

Аттансам учур келип Чоң сапарга,
Көз салып кала бербей караңарга.
Бир барсам силер менен улуу чекке,
Кетпептир насаатыңар демек текке.
Жүрүпмүн мен да дайым санааңарда.



## КЫЗ БАРАТАТ

Кыз баратат күлүк атты чапкылап
Горизонтто
Ачык асман астында
Күн кыраңга жашырынат жакшына
Кызыл түргө боёп кызды, атты да.

Чабендестин элеси оттой жанат.
Нур боёктуу асмандын далдаасында.
Күлүгүнүн чуркашы күчөп барат
Жолугушуу кубанyч сүрөп алга.

Кыз жоолугу желбирейт каршы желге,
Каздай мойну ийилет күлүк аттын.
Бараткансыйт ат туягы тийбей жерге,
Куйругу жаа жебеси чыккан атып.

Алып учат сүйүүдөн бүткөн канат,
Оозлугу кычырайт чапкан аттын.
Кызыл нурдан кыз бети ажарланат,
Сулууланып нуруна махабаттын.

Жомоктогу тулпарды минип учуу,
Перилерге окшошот нурдан бүткөн.
Кайталангыс элетүү ушул учур,
Махабатты көрсөттү жалын бүрккөн.

## ЕГИПЕТ САПАРЫНАН

***

### АСУАН КЕЧИ

Агыш тартып батыш жагы асмандын,
Анан улам каптап барат кызыл түс.
Көкмөк болуп горизонттун аптабы,
Пальма элес бирде ийри бирде түз.

Сүзүп жүрүп Нил дайрада кайыкчан,
Өзгөрүлмө сулуулукка кызыгам.
Табигатка, кереметке калам таң,
Жалыныбы, бопбоз чөлдүн ысыган?

Ушул элес Нил бетинен чагылып,
Ойду козгойт уктап калган качандыр;
Жомоктогу — бир-бирине жабылуу,
Ортосунда турдум каухар казандын!

### ДЕНЕ БИЙИ

Каир шаары. Сфинкс мейманканасы.
Ресторанда коштошуунун кечеси.
Түрлүү жарык-шаңдуу эстрадасы,
Ыр аяктап бийдин келди кезеги.

Басып келип сылык жана сыймыктуу,
Музыканын ыргак күүсүн кайталап.
Бийчи аял баштады бир кызыктуу,
Дене бийин, Толкундоого капталам.

Жыланаяк, түрлүү мончок кылтылдап,
Манжаларда шарактаган шакектер.
Сынду дене ийкемдүү шат кыймылда,
Сезим оту жанып турат каректе.



Сүйкүмдүүлүк менен бийлеп көңүлдү
Көкөлөтө ыргыттың тээ асманга.
Дене балкып ырахаттуу көшүлдү,
Даба белең чындап көңүл ачканга.

Бийлеп жаттың ушунчалык бериле,
Даңазалап сулуулугун денени.
Ар бир кыймыл чебердикти белгилеп,
Черди жазуу-сенин берген белегиң.

Чабыттаган кыялымды жетелеп,
Алып кеттиң отту-сулуу дүйнөгө.
Чырмадыңбы бүткүл ойду желелеп?
Тынчып калды досум тынбай сүйлөгөн.

Миңдеген жыл мезгил менен учуп бир,
Жашап келет элес берип тарыхтан,
Кайра-кайра тамшандырып ушул бий,
Нечен даңктуу Фараонду карыткан.

Сен жаралган сыяктандың жалындан,
Уюп турдум көңүл эргип жагымдан,
Шаттык болуп ойдун таттуу эркеси,
Ай ошондо бир кумарым жазылган!

### АЛЕКСАНДРИЯ, КУРОРТТУК ЖЭЭК

I

Жээгинде Жер Ортолук деңиздин,
Искендердин чоң шаарынан четинде.
Катар үйлөр жымырттыкта ээсизден,
Мышык жойлоп кап-караңгы кечинде.

Аппак тамдар алты-сегиз кабаттан,
Жан көрүнбөйт, бардыгы бош аңгырап.
Не себептен? Кыдырганча калам таң,
Же ээлери кетишкенби аң уулап?

Балкондору деңиз жакты караган,
Короосунда мөлтүрөгөн көлмөсү.
Кумдуу жээк-күнгө кактан кааласаң,
Толкун ойнойт баарын шаңдуу көргөзүп.

II

Чет өлкөнүн бизнесмени, байлары,
Келет мында эс алууга жайында.
Корук коюп жолоттурбай башканы,
Кылыкктарын чыгарышат жарышка.

Жалгыз ээлеп алты кабат чоң үйдү,
Анан дагы алып бирден кемени.
Ичимдиктин ар кыл түрүн чогултуп,
Өткөрүшөт шампан аккан кечени.

Алтын, алмаз, бермет менен жасанган,
Бийге түшөт миллионердин аялы.
Кураштырган накта ирик акчадан
Көйнөк кийип, бирөө жүрөт,
Ай аны...!

Салкын түшө миллионерлер кетишет,
(Аба ырайы турбайт экен сатылып).
Үйдүн ээси беш ай бою зеригет,
Акча жыттуу господинди сагынып.



III

Ошол жерден алыс эмес чекеде,
Кесек тамдан балдар тиктейт жарданып.
Курма жайып. Эски камыш кепеде,
Феллах жатат алаканын жазданып...

---

Феллах—кедей дыйкан.

***

Ойчулдук сырын талдап олтурамын
Өзүмдү такшалтууга умтуламын.
Убайын убакыттын кармай албай,
Жылдардын жарышына кошуламын.

Мезгилдин шамалындай шашыламын,
Гүлдөрдөй күн чыкканда ачыламын.
Мезгилге теңселсем дейм алдас уруп,
Неге мен артта калдым айткылачы?!

Түшүндүр ойлонойун, толгонойун.
Ташты да эритүүчү от болоюн.
Өзгөчө чиеленген татаалдыктын,
Жүрөгүн көзөп өткөн ок болоюн!

Учайын учкай ойду тешип өтүп,
Жандырып сезимдердин өчпөс өртүн.
Чыйралтып чоң максатка сүрөп турсун,
Эргүүнүн кубатынан болгон өкүм.

## АЛГЫЛА САНААҢАРГА

— * —

Жаштык жолун басуу бар ар адамда,
Мен да теңмин,— окшошмун балаңарга.
Жакшы иш калсам ылайык баа бергиле,
Алга сүрөйт эмгекти ак белгилөө.
Болсом деймин силердин санаңарда.

Шыдыр болбойт тагдырың жаралаардан,
Мен бир «тентек» жүрөмүн араңарда.
Азгырылып жасасам чекилик иш,
Туура жолду көрсөтүп берип кеңеш,
Учурунда алгыла санааңарга.

Болсом мен тагдыр жазып жамандардан,
Жамандын сапаты жок, саны бар да.
Азаптуу ашууларда жолдош болсом,
Белгилеп кемчиликти бетке айткалы,
Түйшүк берип мен турсам санааңарда.

Аттансам учур келип Чоң сапарга,
Көз салып кала бербей караңарга.
Бир барсам силер менен улуу чекке,
Кетпептир насаатыңар демек текке.
Жүрүпмүн мен да дайым санааңарда.



## КАЛЫСТЫК

Күрөшүп бул жашоодон жашоо издеп,
Чалыгуу калыс жолдо кечке кезип.
Жетилген кыялдын шат күчүн искеп,
Өкүнүч өткөн чакка житип кетип.

Келесиң түмөн жылдар жаркыраткан,
Тагдырлар кербенинен шыбырт тыңшап.
Өзгөчө бир жеңишти жабык жаткан,
Бүдөмүк болжол-сезип... Өжөр мынча!

Кубатты түңгүюктан ала качып,
Бермексиң жаркыраган келечекке.
Максатсыз өмүр эмне? Абдан ачык —
Эрксиздик талаасында кезүү кечке.

Талдоодон айкын пикир пайда болуп,
Элестейт тагдыр деген ыйык коргон.
Бүтүндүк жабык жаткан майдаланып.
Сымаптай качып жүрүп тиет колго.

Аракет эң чечкиндүү чекке жетип,
Тоскоол «тырыш мандай» жазылганда,
Ийгилик калчап турат ойду серпип,
Акылдаш, күчтү жыйна, жаңылба да.

Жөнөгүн, эми анык чыңалуунун,
Дарчыдай тең салмагы ойду эзет.
Чегинен ашып кетсин чыдамдуулук,
Башталат чоң жеңиштен ошол эсеп.

Жөнөкөй күнүмдүктөн алп укмушту,
Өткөндүн икаясы миң толгонуп.
Жылдыздуу бийиктикке алып учсун,
Майтарып керендиктин миз тосконун.

Ошондо тик аскадан атып чыккан,
Булактай атырылып көңүлдөргө.
Мүнөздү табарикте келечекке,
Үрөнү өнөт даңктуу өмүрлөрдө.

Тагдырлар чырмалышкан чынжырына,
Бир даана үзүлбөгөн мөмө болуп.
Орношот, келет баары чын-чынына,—
Эрдикти баалайт мезгил, сыйлайт толук.

***

Капысынан келет бул ой көңүлгө —
Ар бир пенде барат тура өлүмгө.
Жүүнү боштун жүзүн торго бастырган,
Эмне шумдук мынча катаал көрүнгөн.

Демек керек кесе айткан тууралык:
Эркти курчут эмгек менен сугарып.
Кайырчыдай жалдыраба өлүмгө,
Кайрымы жок бир мүнөттү суранып.

Күтпө өлүмдү—жаша оттой жалында,
Чоң максаттын күүсү соксун тамырда.
Жеңбегенди тагдыр өзү жазалайт,
Чегинип көр, чеги болот анын да.



Алп жүрөктөр ачсын сыйлуу борборун,
Күн чыгыштан күлүп күтсүн досторун.
Таң калтырып тамашачыл тагдырды,
Талкалап өт өлүм деген тосмону!

## КОЙЧУГА

Ышкырынып. Ызаланып. Койгулап,
Катуу шамал эгейт ташты сүргүлөп.
Кара булут күндү катып койнуна,
Кар. Бороон. Караңгылык—сүрү көп.

Аппак кардан тон жамынган арча үшүп,
Муз жарылат чыдабастан чартылдап.
Аскалар да үшүгөндөн бүрүшүп,
Теңселгенсийт бороошого калтырап.

Күн көрүнүп, бирде ачылса чар тарап.
Туман жабат кайрып кайра этегин.
Аалам тарып, алакандай жер кылып.
Мына ушул,— дейт, бул дүйнөнүн эрмеги.

Булуттарды ачып аска үңүлүп,
Тосуп алат таң эртелеп койчуну.
Ыйбаа кылат ак чокулар жүгүнүп,
Адам жана жаратылыш-кол сунуу.

Ага тааныш ар бир бадал, арча да,
Бүркүт билет мында анын ким экенин.
Эмгек буусу саймаланат жаканда,
Тоонун койну топуктуу үй-мекенин.

Жайытында койлор оттоп жатканда,
Төрт көз кошо кайтарышат айланып.
Түндө чабан татты уйкуга батканда,
Короодогу койду карайт ай кылып.

## ДОС БОЛДУК БИЗ

Дос болболдук,
Ат менен тон беришип,
Эл чакырып,
Тойго тойлоп келишип,
Дос болбодук кучакташып өбүшүп,
Түбөлүк деп колду силке көрүшүп.
Дос болдук биз
Тагдыр кошуп турмушта,
Жарты нанды тең экиге бөлүшүп,
Дос болдук биз
Мүнөзүбүз жагыптыр,
Мамиледен көңүлүбүз жарыктыр.
Байкабастан
Тагдырыбыз чырмалып,
Данакердей ширелишип калыптыр.
Досум сен-деп,
Сөздүн башын ачпайбыз
Биз доспуз — деп,
Кат, кагазга жазбайбыз.
Биздин достук көрөңгөлүү көңүлдө



Максаттардын тазасындай сактайбыз!
Дос болдук биз
Эмгек менен, эл менен,
Берекелүү
Пейли кенен жер менен
Дос болдук биз ат салышып мелдеште,
Данакерден
Кубаттансын кең мекен.

## ТАЛАНТ ЖӨНҮНДӨ

Талант бирдей берилбептир адамга,
Бирөө билгич, экинчибиз алынча.
Атаганат баардыгы тең жаралса,
Ломоносов же Леонардо да Винчи.

Ушул го деп биздин орун турмушта.
Аракет аз анча-мынча изденип...
Ашыгыбыз дароо моюн сунушка,
Оңой эле чыга берип иргелип.

Балким талант камырабай уйкуда,
Жүргөндүрбүз ойгото албай өзүбүз.
Чымыркансак эрктен эргүү учкундап,
Чыга келер мүмкүнчүлүк белгисиз.

Кантсе дагы бир нерсени так билем,
Талыкпагын. Катуу койгун талапты.
Жалгыз ушул элге тегиз берилген,
Эмгекчилдик таланттардын таланты.

## БАРАЛ

Бала кезим. Кой айдашып жайлоого,
Кыз келиндер арасында бир өзүм.
Батынбаймын мен аларды жандоого
Жакындаса нукуп өтөт, билесиң.

Анан ошол гүл жасанган жазында,
Кумарланткан ырахаттуу күн келген.
Бут айланам тунуп шаттуу жагымга,
Оттуу кыял ай нуруна киринген.

Көңүл балкып сагынычка төп келип,
Мен өзүмдү ой ааламат сезгенмин.
...Жай олтурсам тамашалар төрт келин,
Бир кереке жарасыңбы сен? деди.

Денем уюп, булчуңдарым чымырап,
Тоо суусундай силкип соккон тамырым.
Жаштык адеп уян беттен чымчылап,
Дегенсиди,— унчукпагын, акырын! —

## «АЯЛДАМА»

Оо даңктуу жол! Бүгүн шаңдуу күтүрөп,
Эркин өлкө чоң максатка күч үрөп...
Анан көрөм ар-ар жерде адамдар,—
«Аялдама»,— анда кыймыл күтүлөт.

Келген жакка, барчу жакка элеңдеп,
Ыкшоо акыл сунат ойду белендеп,
— Бир мендеби ийгиликтин түйшүгү?
Көрөбүз да, иш кызыса тереңдеп.



Төрөпейил эркин эзип салганбы?
Жадаганбы бойго жыйып жалганды?
— Качан келет жаңылануу биз жакка?
күтүп жүрөт алп мүрлүү жардамды.

Эртели-кеч чогулушат жардана,
Өөдө-төмөн ой толгоолор жай гана.
Бири калбай көрөрман да билерман;
Пайда барбы татым тузча жармага?

Берди укук, пайдалануу намыс да,
Эски ойду ташта артка алыска.
Бүгүн талап, арасаттуу мүнөздү
Жою керек өрт койгондой камышка!

***

Жаздым кеттим. Тагдыр берди жазасын
Көңүл чөктү, тартып санаа азабын.
Жан ачышып, курсак ачып келгенде,
Кайнап турчу сорпо жыттуу казаның.

Капалантат кээде баштан өткөнүм,
Кээде өксүймүн кейишинен өзгөнүн.
Маанай пастап келсем көңүл көтөрдү,
Жан-дүйнөмдү жалындатчу сөздөрүң.

Түшүнбөйт,— деп, тааныштарга таарынам,
Ойду ачык айтуудан да тартынам.
Көңүл оту жетеленет бир сага,
Сезим билет. Сенен сыры табылат.

Адам издейт турмуштан өз мүдөөсүн,
Ойго жетпей сырымды айтсам күлөсүн.
Токтотсомбу? Арада жөн жүрсөмбү?
Болбойт! Сүрөйт сенин эрктүү мүнөзүң.

Түйшөлөмүн издеп ырдын уйкашын,
Каламымды келбей калат учтагым
Агызарда күүлүү турмуш дайрасы,
Өтүп кетем алп эркиңе «учкашып».

## АЛСЫЗДЫК

Күүлөнүп таштан ашат албуут дайра,
Шоокумун ачуу күлкү аралады.
Куураган жалбырактар алда кайдан...
Шыбырты жинге тиет,— ай азабы!

Тыңшайсың, ойлоносуң токтой калып,
Өзүңө наразысың,— бирок эмнең...?
Жетелейт шарттуу чөйрө, тагдыр калыс,—
Кездешүү көнбөс өжөр жазмыш менен.

Аракет, үмүт, тагдыр жолугушат.
Кыюуга жол табылбас тар коктуда.
Жагымы алаксытма алсыз кубат,
Азыр го эркелетет колуктудай.

Сен улам бош сезимге тебеленип,
Ачыктан артык көрдүң түңгүюкту,
Убакыт чагылууда миң эленип,
Кылтылдап колго тийбейт туруктуулук.



Тактыка жетпеген соң жетеленип,
Адашуу тузагына илинесиң.
Ал күнгө акырында жетип келип...
Алсыздык-акылсыздык ким билбесин?

Ошондо түшүнгөнүң болуп таяк,
Тарс этип, катуу тиет сезимиңе.
«Негизсиз» аңтарылып алтын аяк,—
Алп чындык эсептешет сени менен!

***

Сен али жашоо деген эмне экенин,
Баалоого чамаң жетпей жүргөн чакта.
Салаадан чуурутасың күн эсебин,—
Көрсөмбү, сынаш үчүн кургак мактап?

Сен али кызыктардын кызыктары,
Канчалык бийик! — билбей жүргөн кезде.
Кытыгы жадатма бир кылыктарын,—
Сөз менен семиртсемби? Аны сезсе?

Кантсе да калп күлкүнө таңданамын,
Сыртында шаңдуулук бар ичиң аңгек.
Келечек-сулуулукту тандап алуу,
Бүгүндү алдейлейсиң, илек-илек.

Ыргылжың сезимдердин тушоосунда,
Өзүңдү аша баалап жүргөн кезде,—
Сыр жатса чечилбестен куш боосунда,
Уттуруш убакытка керек беле?

Бал тилге байкуш болуп, кургак кулуп,
Кетесиң, келет кезек туңгуюктан.
Алп күндөр канатынан салат күбүп,
Дарексиз мухитинде тумчугууга!

## САЯКБАЙ

### I

Улуу дастан залкар «Манас» эпосу,
Даңгазалайт кыргызымдын тарыхын.
Сан кылымдап жаратты аны эл өзү,
Жашап келет бирге тартып тагдырын.

Манасчылар ыйык, албан өнөрдү,
Небереден чөбөрөгө тараткан.
Эл чогулган ашып дабан, өрлөрдү,
Көз ирмебей, кумар канбай таң аткан.

Көп манасчы чыккан далай заманда,
Анын азы эл оозунда-санатта.
Манас айткан дүңгүрөтүп ааламга,
Элдин уулу эр көкүрөк Саякбай.

### II

Тынч олтурат. Капысынан баштады,
Толкунданып тиктейм албай көзүмдү.
Улам күчөп добуш, аттын басканы,
Тулпар минген арстан Манас көрүндү.

Бабам Манас келет баштап алптарды,
Сепилге окшойт кырк чоронун жүрүшү.



Шаңдуу чыкса кишенишии аттардын,
Айкалышат жоокерлердин күлүшү.

«Чү» коюшту найзаларын көтөрүп,
Сансыз жоокер улуу дайра аккандай.
Дүбүрт күчөйт улам караан көбөйүп,
Жоо да турат каршысында жалтанбай.

Көрдүм анык эр сыналчу кармашты:
Аба ысып кылычтардан чабылган.
Салгылашуу карабастан жар, ташты,
Жебе сынып чачырады чагылган.

Калкан жара найза тийди карсылдап —
Олтургандар обдулушту жалт этип,
Оонап калат тоодой дөөлөр шалдырап —
Катышкандай көл-шал болдум ал кетип

Кол алдында Коңурбайды качырып,
Манас сүрдүү Аккуланы туйлаткан.
Кылымдардын түпкүрүнөн атылып,
Күрс деп түшөт учкан дапкан туяктан.

Алоолонот кан майданда жалын-от,
От ичинде Аккуланын элеси.
Жалт берет да күн астынан көрүнөт..
...Анан Сакем алптай болуп бир өзү.

Маңдайынан бырышынан көп кабат,
Аккан тери мөндүр-мөндүр кулады.
Жаак эти желге толо барсаят —
Манас жоону сүрүп калган убагы!

Ат кишинеп, алп жыгылып, чаң чыгып
Коркоктору кол көтөрүп өңгүрөйт.
Жан талашуу курал-жарак чачылып —
Тээ дөбөдөн чоң добулбас дүңгүрөйт.

Ал ансайын коңур үнү күркүрөп,
Кол серпиши чагылгандай сызылган.
Өткүр көзү-булут тешкен күн нуру,
Эки бети-отко бышкан кызыл нан.

Мен унутам бар экеним дүйнөдө,
Жалгыз гана улуу жомок жашоодо,
Ой бурулбайт, тил күрмөлбөйт сүйлөөгө,
Күчүм жетпейт же колумду жаңсоого.

Кандай талант! Кандай чебер карачы!
Үн салгансыйт! бүткүл уюл денеси.
Алаканы алгыр бүркүт канаты,
Бүт турпаты эр манастын элеси.

Узак айтты. Бир кылымдай сезилди,
Күтүлбөстөн кызык жерге токтотту,
Жомок калды өчпөс болуп сезимде,
Таасири өрт-көкүрөктү толготту.

Эшик ачып эч бир жанга байкатпай,
Учуп чыкты унутулгус обону.
Эл ичинде, тоо койнунда жай жатпай,
Уюп калды уч кыйырга оролуп!



III

Кылымдардын уюлуна катылып,
Эчен жылдар түрмөгүнө чаташып
Манасчыдан жомокчуга чачылып,
Барча-барча күкүм болуп тараган.

Чоң жомокту батпас чексиз талаага.
Элден уктуң эске туттуң бүт баарын,
Көкөлөтүүң көркүн ачып кайрадан.

Бул дүйнөгө «Манас» үчүн келдиңби?
Биле албаймын, талдоо кыйын, баш катат.
Сен болбосоң ушул улуу эрдикти,
Чыгат беле, жасайт беле башка адам?

Айта бергин, өмүр бою уга алам,
«Манас» мага окуп бүтпөс сабактай,
Эпос өрчүйт, жашоо менен уланат —
Ага кошо деген ысым Саякбай!

IV

Даңкын ачкан чын уулусуң мекендин,
Эл баяны, жер тарыхы кеңиди.
Эл эсинде граниттен бекемсиң,
Кыргызымдын кайталангыс генийи!

## ЫЙМАН ЫРЫ

Айкын күндөр!
Дүргүп ыйык кандагы,
Быркырады чектөөлөрдүн
каскагы

Кайра күлүк
Ала-Тоону бет алды,
Туудай болуп барат кыргыз
калпагы!
Сынап келген — элдин деми
канчалык?
Баба салтты сенек жылдар
калчады.

Сүрүң менен
Ынтымакты коргой бер,
Ак сепилдей
Кыргыздын ак калпагы.

Сиңип жыты, —
Аталардын кан-жаны,
Ыймандуулук
Эргүү, кубат андагы.
Азаматтык, ариеттин
шыгысың,

Ак жолтойлуу,
Кыргыздын ак калпагы!
Кылымдардын уюткулуу
катканы...

Аба жарган
Ат дүбүртү жапжаңы.
Доорлорду жиреп келет
күлүктөр,



Кылым сайын
Алыс учуп даңканы.
Ак калпакты
Туудай кармап бабалар,
Дүңгүрөгөн маарекелер
башталаар...
Ошол абаз
кечүү, өрдө сүрөгөн,
Дүпөйүлдү көзөп өтүп таш
жарар.

## ӨМҮР КУТУ

Кызыл жүзүң эндик койгон,
Кытыгылуу албырып,
Кыял тандап кыттуу ойдон
Кылактаган азгырык.
Өзгөлөрдөн өздү бөлүп,
Ылгап турат көз караш.
Ийкем, куттуу назга толуп,
Ар кыймылың төп-жараш...
Сулуулукпу? Оту жануу,—
Жайлоо гүлү кырмызы.
Бүт ааламдык кумарлануу,
Кыргызымдын бир кызы.
Сен жөнүндө секин-секин
Серелеген сөз тарап,
Кыялымда менин селким,
Көкүрөктө от жанат.

Тирүүлүгүң ой саналуу,—
Самаганы көңүл шат.
Бул дүйнөгө бир жаралуу,—
Анын аты махабат!!!

## ТУРМУШ ЭЛЕГИ

Мөңгүдөн агып келген,
Шар сууда күбүктөрдөй.
Элендеп багыт издейм,
Жаңыга көнүп-көнбөй.

Талаанын бетин сылап,
Бир турмуш өтөт кызык,
Талашат тагдырымды
Көрүнөт көзгө ысык.

Ат жалын сылабаган,
Колуңдан даам татып,
Ак сөзгө чыдабаган,
Бакытка көзүмдү артып.

Адаштым, адашууга
Акым жок шул мезгилде:
Жазмышка төңкөп салып
Окшоттуң мени кимге?

Өзгөчө өнүм издеп,
Өгөйлөп өз тарапты.
Жүрүүгө маашырланган
Пейилдер өр талашты.



Буйдалам күнүмдүккө,
Күн өттү тамашалап.
Келечек суроо салат,
Өткөндү таразалап.

Ийгилик жолун талдап,
Эрте-кеч ойлономун.
Оо, күрөш апкаарытат —
Баштоодо ойлолодум:

Мүнөздү жеңер кезде,
Кыялга жалдырадым.
Бүгүндү эртеңкиге,
Төңкөөнү жактырамын.

Сырдашпай сыртын салып,
Билдирбей ичтен сызып,
Бир чындык күчкө айланат,
Үмүткө көзүн кысып...

Күүлөнүп таң заардан,
Мен чындап кайраттандым,
Көчөгө чыгам шандуу,
Ишеним оту жандуу.

Күлүктөй тапка келген,
Пикирге аша кандым...
Кериле чу дегенде,
«ээрден» кулап калдым!

Ишеним уйпаланып,
Абалым татаалдашат,
Тагдырдын дарамети,
Чындыкка аралашат.

Баш багып түш тараптан,
Кыжаалат кызыкмайлар,
Максаттын эрктүү деми,
Жетелейт жолго кайра.

Эрдикке шыктандырат,
Мезгилдин курч талабы.
Бүлбүлдөйт бакыт оту,
Бетинде Ай талаанын.

## МАКСАТ ЖАКШЫ БИЗ БАШКА

Ниет туура иш башка,
Жаман көрдук сындашса.
Сейректенди нарктуулук,
Сезим болду «көк кашка».

Ай көнүппүз макташка,
Сөз жакшына дил башка.
Баары болот,— дей берип,
Балч олтурдук «көк ташка».

Чындык башка биз башка,
Чыгып мына көп жашка,
Кысталанда кириштик
Туура жолду такташка.

Ич арада алдашып,
Ой мүдөөлөр чаташып,
Төрө пейил «төрт буттап»,
Артка тарткан таканчык.



Заман башка эл башка,
Ар бир адам эс тапса.
Жалдырабай бирөөгө,
Эгин эксе, мал бакса.

Мүдөө тетик эрк башка,
Аракетти төп чакта.
Жапа тырмак киришсек,
Жакшылыктар биз жакта.

Максат бийик биз башка,
Болбойт эми «бир азга»
Бардык күчтү үрөйлү,
Бата бербей бул «сазга».

## ТАҢДЫН АТЫШЫ

Күн нурлары
көк асманга чачырап
Батышка түн
кетип барат түрүлүп.
Көлөкөсү
бекинүүгө ашыгат
Күндөн качып
тоо артына жашынат.
кирип жатат
капчыгайга сүрүлүп.
Жел аралап
көк шиберди тарады,
Ойготууда
беттен сылап талааны

Эң алгачкы
күн нурлары чачылып,
Мөлтүрөгөн шуру
мончок тагынып.
Шаңга бөлөп
табиғатты, жашоону
Нур жарк этти
шүдүрүмдөн чагылып.

## ЭМНЕ МЫНЧА АШЫГАСЫҢ?

Эмне мынча ашыгасың,
Толкундардай көлдөгү?
Келдиң бийик ашуу ашып,
Тоскоолдорго көнбөдүң.

Эмне мынча ашыгасың,
Махабаттын отуна?
Эки көздө жалындаган,
Сезими курч ой турат.

Эмне мынча ашыгасың,
Жалынына шаттыктын?
Гүлдөй жайнап ачыласың,
Кумары го жаштыкктын.

Эмне мынча ашыгасың,
Купулумда толукшуп?
Эки бетиң ай самалы...
Мен да ашык болупмун.



Эмне мынча ашыгасың,
Ажарлана берилип?
Күндөй күлүп жадырайсың,
Жүрөк оту-эринин.

Эмне мынча ашыгасың,
Ашыктырып мени да?
Сезимиңе тарты алдың,—
Мен уюдум бериле.

Эмне мынча ашыгасың,
Бетке уруп илебиң.
Кучагыңда ачыламын,
Жүрөк сырын бил эми!

* * *

Таарынычтан арабызда
Саганычтуу от күйүп.
Махабаттан издеп арга,
Сезим жалын, ох күлүк!

Жай саратан аптабына,
Шыңгыр күлкүң жашынган.
Улуу тоонун ар жагына,
Арча, жалбыз жашырган.

Күн батарда сен тараптан
Көзүн ымдайт неликтен?
Назик жытың издеп тапсам,
Изиң таппай зериккем.

Сурап сени булуттардан,
Жолго чыгам кайрадан.

Сапар деми буулуктурган,
Кандай сырын камдаган?

Түйшөлөмүн түркүн ойдо
Талдап ошол катаны.
Сергек акыл болчу ойгоо,
Бактыга жол ачалы.

...Күндөр кербен алга шашат,
Чогулушат бир күндөй.
Эки кыял аралашат,
Ажырагыс бүтүндөй.

## АЙЛУУ ТҮН

Ай.
Айлуу түн!
Мынча жакшы көрөмүн!?
Күндүн нуру
жарык берет чагылып.
Урматтоо го,
табигаттын көркөмүн
мүмкүн шашуу
күн чыгарын сагынып!

Айлана тынч!...
Айлана бир ажайып!
Компютердик
кылым коңур уйкуда.
Күмүш чоку...
Боз үй, жыты арчанын...



Туман келет!!!
Мунарыктуу учкунда.

Ай!
Айлуу түн.
Кыялдана көнөмүн.
Кыр, ой бирдей
Жыртык «кемзел» жамынып,
чарчоо өңү, табигаттын —
көсөмдүн,
күтүп жатат,
күн чыгат деп сагынып!

Өзүм гана...?!
Магдыратат бейпилдик,
Көкүрөктү сергит,—
Сокчу шапада!
Баркын сездир
Тирүүлүктүн «беш күндүк»,
Сугар эркке, майтарылбас
жанада!

Ай!
Айлуу түн.
Жүрөм басып, ойлонуп,
Туңгуюктуу
Кырдаалдан жабыгып.
Мунарыктан көтөрүлөт
ойгонуп,
Дал түйүнгө!
Кылыч миздүү «жаңылык».

## КАПЧЫГАЙДА АЙЛУУ ТҮН

Тар капчыгай,
Түн магдырап.
Суу шаркырап—жадырап
Аска ээси,
Үкү үнү жаңырат.
Андан бийик,
Тоо тирелген асманда,
Булут өтөт,
Улам-улам,
Айдын бетин жаңылап.
Булут эмне,
Айдын жүзүн арчыйбы?
Өтөр менен,
Нурлуу көркү ачылды,
Кирпик болсо
Көк асманга арчалар,
Карек болуп,
Дал ортодо ай турду.



## ААЛАМ ЖАНА АДАМ

Ойлонобуз,
Кайгырабыз.
Күлөбүз.
Сезим барда,
жашоо-турмуш-адам бар.
Айта албайбыз,
канча өмүр күнүбүз?
Өлбөй турган
жалгыз гана аалам бар.
Суулар соолуп,
зоолор урап жоюлат.
Тоо түз болуп,
Кумдуу чөлдөн суу агар.
Талаалардан
Тоолор өсүп жаралат,
бир калыпта
жалгыз гана аалам бар.
Жылдыз өчөт,
Комметалар таш болот.
Комостогу
кумдан жылдыз жаралар.
Бул дүйнөдө
кубулуштар токтобойт.
Өзгөрүлбөс
жалгыз гана аалам бар.
Алмашылат.
Өөрчүйт
аны билебиз,

Түгөнбөгөн,
өзгөрүлмө агым бар,
Татаал дүйнө —
жашоодо ар бирибиз
Ой жетпеген
Бүт ааламга барабар!

## ЖҮРӨГҮҢӨ ИШЕНИЧ

Көз караштан көңүл эргип,
Жүрөк толкуп калганда.
Көзүңдү артып башканы
эээрчип,
Куру үмүткө алданба.

Ай жаш жигит таңдай берсең,
Жакшы кыздар көп жүрөт.
Бири шайыр,
Бири сулуу,
Бири сүйкүм, сезилет,
Улам тандап тагдырыңа,
Салбай үмүттөн кишенди
Таза ойлочу,
Сергек болчу,
Жүрөгүңө ишенич!

Сүйүү мээрин жүрөк сезип,
Кабыл алар кезинде.
Кош көңүлдүү белги берип,
Өчүрбөгүн сезимди.



Ай жаш селки тандай берсең,
Ар жигиттер кезигет.
Бири шайыр,
Бири сулуу,
Бири сүйкүм сезилет.
Улам тандап тагдырына
Салба үмүттөн кишенди.
Таза ойлочу,
Сергек болчу,
Жүрөгүңө ишенчи!

Анык сүйүү таза жүрөт,
Бакыт нуру чачырап.
Бирдей соксо эки жүрөк,
Гүлдөй жайнап ачылат.

Чын сүйгөнүң тагдырыңа,
Мээрим болуп кезигет.
Ал шайыр да,
Ал сулуу да,
Ал сүйкүмдүү сезилет
Күмөн санап салба ошондо.
Чоң бактыга кишенди.
Ай жаш жигит,
Ай жаш селки,
Жүрөгүңө ишенчи.

## БИЙЛЕ ЖАШТАР

Алмашып өскөн гүлгө окшойт,
Эки жаштын келбети.
Бийлөөнү шандуу күү коштой
Кыялды кыймыл термелтет.

Сүйкүмдүү көздөр жарк этип,
Жылытып өтөт жүрөктү.
Бекинет күлкү жылт берип,
Унуткус кылып мүнөттү.

Айтылып сөздөр угумдуу,
Кыялдар жарк дейт
жагымдуу.
Жаштыктын жаркын учкуну,
Өмүрүндүн жарымы.

Жалт карай койсоң капыстан,
Көз караштар илинет
Жүрөктө сырды катсаң да,
Нур чачырап билинет.

Көңүлдөр балкып шаттыкка,
Күлкүгө күлкү кошулат.
Жалынга бөлөп жаштыкты
Шайырдык сундуң кочуштап

Тартынбай жаштар, бийлегин
Суктансын сени тиктеген
Жашпы бийди билбеген,
Далыга колу тийбеген.



Жигиттер бийге чакырса,
Селкилер сылык наздана.
Бий башталат заматта,
Имере колдон кармаша.

Эстелик болуп унуткус,
Сезимдер калды жагымдуу.
Жаштыктын жалгыз учкуну,
Өмүрдүн жарымы.

## С Е З И М

Оттой жанып,
Берип жарык.
Сен өмүрдөн,
Алтын шоола издедиң
Аба болуп,
Көлдөй толкуп,
Кошо жашап,
Бирге басып
Жүргөнүмдү билбедиң.

Бакыт күтүп,
Болуп күкүк,
Гүлдүү бактан
Чыгыш жактан,
Таңдын нурун тандадын.
Жадап бүтүп
Жүрдүм түтүп,

Сен деп жанган
Жылдызыңдын
Каухар нурун таппадың.

Ачып эшик,
Булут тешип,
Жашоо көркү
Күнгө колду сермедиң.
Жылдыз болуп,
Нурга толуп
Колго конуп.
Ойду күтүп
Турганымды сезбедиң.

Көңүл толбой,
Ой токтолбой,
Азап тартып
Айдың нурун кармадың.
Кетти күчүм...
Кеттим учуп
Жылдар өтүп
Барган сайын
Күчөп барат арманың!

## «ЖАШ КЫЯЛ» КҮҮСҮ

Шыңгырачы:
Шыңгырачы,
Шыңгырачы,
Жүрөк кылын,
Чын бурачы,
Чын бурачы!



Жүрөк дагы,
Күүнү коштоп,
Күүгө келип
Күүгө тете,
Ыр сурасын
Сыр сурасын.

Шаң чыгабы?
Үн чыгабы?
Нур чыгабы?
Күү кыялдын,—
Күйүп турган,
Шам чырагы!
Ой козголуп,
Сезимимден,
Учкун учуп,
Жүрөгүмдүн толкушунан
От чыгарды.

Көңүл эргийт,
Көңүл эргийт!
Көңүл эргийт!
Улуу күүгө,
Кумарлана,
Кыял ээрчийт,
Уюп калды
Дене балкып
Күүгө калкып
Күл азыктай
Өмүрүмө
Кубат берчи...

Сайра комуз,
Сайра комуз
Сайра комуз
Үнүң балдай,
Үнүң ширин,
Таттуу кымыз.
Кылымдарды,
Шаңга бөлөр,
Залкар күүдөн,
Ыракатка
Кумарланат,
Бүткүл кыргыз!



## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Эргүү | 3 |
| Арзуу ыры | 4 |
| Жооп берчи | 5 |
| Боз үйдөгү көрүнүш | 6 |
| «М» га | 7 |
| Күйүгүү | 8 |
| Ат жөнүндө ыр | 9 |
| Текелик жайлоосу | 10 |
| Тоо көркү | 11 |
| Даанышманга кайрылуу | 12 |
| Өрүлгөн чач | 13 |
| Кытмырлар көп | 14 |
| Сократ | 15 |
| Шаар | 16 |
| Бүгүн керек | 16 |
| Кыз олтурат | 17 |
| Шыбыш | 18 |
| Күрөш | 19 |
| Париждин көчөлөрүн самап жүрүп | 20 |
| Жер жана биз | 21 |
| Ойдо болсун күнү-түн | 22 |
| Максатка жол | 23 |
| Ушу күндөр | 24 |
| Үмүттөн башка эмнең бар | 25 |
| Өзүмчүл | 26 |
| Манаска сыймыктанып жашап келем | 27 |
| Кайдасың менин дүйнөм | 28 |
| Арча менен сүйлөшүү | 28 |
| Булак-тагдыр | 29 |
| Мындай болбойт | 30 |
| Түбөлүктүүлүк | 31 |
| Үркүр | 32 |
| Эртен жаңы таң атат | 33 |
| Кыз баратат | 35 |
| Келесиң сен | 36 |

Дүйнө менсиз 37
Сагыныч 37
Махабатым 39
Кырдаал 40
Египет сапарынан-Асуан кечи 42
Дене бийи 42
Александрия. Курорттук жээк 43
Ойчулдук сырын талдап 45
Алгыла санааңарга 46
Калыстык 47
Капысынан келет бул ой 48
Койчуга 49
Дос болдук биз 50
Талант жөнүндө 51
Барал 52
«Аялдама» 52
Жаздым кеттим 53
Алсыздык 54
Сен али 55
Саякбай 56
Ыйман ыры 60
Өмүр куту 61
Турмуш элеги 62
Максат жакшы биз башка 64
Таңдын атышы 65
Эмне мынча ашыгасың 66
Таарынычтан арабызда 67
Айлуу түн 68
Капчыгайда айлуу түн 70
Аалам жана адам 71
Жүрөгүңө ишенчи 72
Бийле жаштар 72
Сезим 75
«Жаш кыял» күүсү 76

Муса САПАЕВ

ЛУННАЯ НОЧЬ

Сборник стихов

Муса САПАЕВ

# АЙЛУУ ТҮН

Ырлар жыйнагы

| | |
|---|---|
| Редактору | А. КАМАЛОВ, |
| Сүрөтчүсү | А. АЙЫЛЧИЕВ |
| Корректору | М. ГАЗИЕВА |
| Техредактору | Л. ШУЛЬЧЕНКО |

Терүүгө 4.04.96-ж. берилди. Басууга 25.06.1996 ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84 1/32. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 2,4 басма табак. Нускасы 5000. Буюртма 3432 Баасы эркин.

Ош областтык басмакана. Ош шаары. Курманжан датка көчөсү, 209.

